ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*12-ноябрында, 2024-жыл.*

*Төрага* Б.А. Азимов
*Окумуштуу катчы* З.Ж. Мурзакматова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 43 мүчөсү катышты.

*Күн тартиби:*

1. МФТИТ институтунун бакалавриат, магистратура, Phd докторантура деңгээлдерин программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландарын бекитүү (иш план, жумушчу топ, өздүк отчетторду баштоо, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б.) (*МФТИТ институтунун программа жетекчилери*);
2. 2024-2025-окуу жылынын магистратура жана бакалавриат программаларынын квалификациялык жумуштарынын темаларын жана жетекчилерин бекитүү *(Кафедра башчылары, методикалык кеңештин жетекчиси, академиялык кеңешчилер);*
3. 2023-2024-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштердин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер *(МФТИТИ институтунун директору ф.-м.и.к. доцент Б.А. Азимов);*
4. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: МФТИТИ институтунун директору, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-3-маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: МФТИТ институтунун бакалавриат, магистратура, Phd докторантура деңгээлдерин программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш-чаралардын пландары талкууланып, бекитилди. Программа жетекчилердин билдирүүлөрү угулду.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: бул маселе боюнча институттун директору, доцент Б.А. Азимов билдирүү жасады.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, доцент Б.А. Азимов билдирүүнү колго салуу сунушун киргизди.

Окумуштуулар кенеши бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылат:
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2003-жылдын 17-декабрында №1069/1 – буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы жөнүндөгү" Жобосуна ылайык 2024-2025-окуу жылына Ош мамлекеттик университетинин математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун магистратура жана бакалавриат программаларынын квалификациялык жумуштарынын темалары жана жетекчилери бекитилсин.

**3-маселе.**

УГУЛДУ: институттун директору, доцент Б.А. Азимов 2023-2024-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштердин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча жалпы маалымат берилди.

ТАЛКУУ:

*А.О. Абдувалиев (институттун доценти):* институттун жылдык отчету кеңири баяндалды. Канаатандырарлык деп эсептейм. QS рейтингдин талаптарынын негизинде студенттерди жок дегенде толук 1, 2 семестр жөнөтүш керек. Кош дипломдуулукту да күчөтүшүбүз керек.

*Ы. Ташполотов (институттун профессору):* жылдык отчетту канаатандырарлык деп эсептейм. Кийинки жылга илимий проектерди, сырткы байланыштарды күчөтүү керек. Быйылкы жылы 3 илимий долбоор ишке ашып турат. Мен бир нече өлкөлөргө бардым, алыс кетпей Андижан мамлекеттик университетинин илимий базасы эн жогорку деңгээлде түзүлүптүр. Биз дагы ушундай илимий лабораторияларды ачышыбыз керек.

*А.Ч. Омаралиев (институттун доценти):* студенттердин жетишүүсү боюнча биз университеттин деңгээлинде жобо жазып, министрликке сунуштасак. Себеби, азыр студенттердин баары эле 5 жана 4 деген бааларды алганга ынтызар. Сапатка басым жасап, ОРТдан жогорку балл алган студенттерге стипендия берүү жагын сунуштасак жакшы болот эле.

*И.Г. Кенжаев (институттун профессору):* Скопус маалыматтар базасындагы журналдардан көбүрөөк макала чыгаруу жагын колго алсак. Илимий лабораторияларды ачуу сунушун да колдойм.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МФТИТ институнун 2023-2024-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштеринин жыйынтыктары боюнча баяндамачы доцент Б.А. Азимовдун отчету канаатандырарлык деп табылсын;
2. SWOT анализде белгиленген кемчиликтерди жоюу үстүндө иш план түзүп, аткарууга киришсин;
3. Ар бир кафедра жана тиешелүү структура өзүнүн профили боюнча иш аракеттерди аткаруу жана көзөмөлгө алуу колго алынсын;
4. Окуу-усулдук, тарбиялык, маданий ж.б. иштери боюнча изилдөөчү университет 4.0 боюнча иш аракеттер күчөтүлсүн;
5. Студенттик тайпа менен кураторлордун иш-аракеттери күчөтүлсүн;
6. Жогоруда айтылгандарды аткаруу тиешелүү кафедра башчыларына жана структура жетекчилерине, ал эми жалпы көзөмөлдөө МФТИТ институтунун директору, доцент Б. Азимовго жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) Жогорку математика кафедрасынын аталышын өзгөртүү маселеси.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* МФТИТ институтунун жогорку математика кафедрасынын аталышын өзгөртүү боюнча сунуш келип түштү. Заман

талабына ылайыкташтыруу маселесин эске алуу менен “Жогорку математика” кафедрасын “Жогорку математика жана инновациялык технологиялар” аталышына өзгөртүү сунушу кафедрада талкууланган. Бул маселе боюнча кафедра башчысы, доцент У.А. Сопуевге сөз берели.

*У.А. Сопуев (жогорку математика кафедрасынын башчысы, доцент):* университет өзгөчө макамга ээ болуу менен көптөгөн структуралар оптималдаштыруу жолунда болуп, МФТИТ институтунун КМИГД кафедрасынын башка структураларга сабак берүүчү информатика дисциплинасы менен жогорку математика кафедрасынын башка структураларга сабак берүүчү жогорку математика дисциплинасын бириктирип тиешелүү структураларга сабак берген окутуучулары жана сааттары менен өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын аталышын “Жогорку математика жана инновациялык технологиялар” деп өзгөртүүнү колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй **ТОКТОМ** кабыл алынды.

1. “Жогорку математика” кафедрасы “Жогорку математика жана инновациялык технологиялар” аталышына өзгөртүүгө сунушталсын;
2. Бул чечимди колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова